**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "_9_" _апрель_ 20_19_ ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. А. Исаков, мындан ары "ОшМУ", жана _ОсОО "NUR" ТК_

жетекчиси _Алиева А. Б._

Мындан ары "Ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. №425 токтомуна ылайык "Өндүрүштүк жана квалификациялык практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн программаларын сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын ваканциядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт.

**2. "Ишкана" милдеттенет:**

2.1. ОшМУнун факультет, колледждеринин «котормо жана котормо таануу» адистиги боюнча билим алып жаткан (бакалавр) студенттерине практикадан өтүү үчүн календардлык планга ылайык _3_ орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Факультет, колледж менен илимий усулдук иштерди аткарат;

2.5. Факультет, колледж студенттерине ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.6 Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.7 Өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.8 "Ишкана" студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1.Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20_19_-жылдын _апрель айынан_ 20_22_жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "мекемесинде"сакталат.

Тараптардын дареги

Ош мамлекеттик университети
723510 Ош шаары Ленин көч. 331
ИНН 0207199610017
**ОшМУнун ректору,**
**профессор К. А. Исаков**

_Ош шаары Ленина көч. 377_

_Атаева А.Т._